**УДК 616.24 - 002.5 - 07:612.654**

# И.К. АХУНБАЕВА АТЫНДАГЫ КММА ФТИЗИАТРИЯ КАФЕДРАСЫНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ИЙГИЛИКТЕРИ

**М.Д. Субанбеков, Г.К. Турдумамбетова, А.К. Байтелиева**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

***E-mail: altynai_baitelieva@mail.ru***
***gulnusik@mail.ru***

**Корутунду.** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиянын 80 жылдык мааракесине карата фтизитартия кафедрасынын жетишкендиктери жана ийгиликтери көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** кургак учук (туберкулез), тарых, мааракe, фтизиатрия, кафедра.

# ИСТОРИЯ И ДОСТИЖЕНИЯ КАФЕДРЫ ФТИЗИАТРИИ КГМА ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

**М.Д. Субанбеков, Г.К. Турдумамбетова, А.К. Байтелиева**
Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К.Ахунбаева,
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме:** в данной статье, посвященной 80-летию Кыргызской государственной медицинской академии имени И.К. Ахунбаева, отмечены достижения и успехи кафедры фтизиатрии.

**Ключевые слова:** туберкулез, история, мероприятие, фтизиатрия, кафедра.

# HISTORY AND ACHIEVEMENTS OF THE DEPARTMENT OF PHTISIATRY OF KSMA NAMED AFTER I.K. AKHUNBAEV

**M.D. Subanbekov, G.K. Turdumambetova, A.K. Baiteliyeva**
Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev,
Bishkek, the Kyrgyz Republic

**Summary:** This article notes the achievements and successes of the department of phthisiology, dedicated to the 80th anniversary of the Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev.

**Key words:** tuberculosis, history, events, phthisiology, department.

Биз бүгүн тарыхый окуяга – Иса Коноевич Ахунбаев атындагы Кыргызстан мамлекеттик медициналык академиясына 80 жылдык мааракесине күбө болуп отурабыз. Биз бул үчүн аябай кубанычтабыз.

Бул биздин, медицина тармагында эмгектенгендердин гана майрамы эмес,

бүт Кыргызстандын элинин майрамы десек жарашат. Кыргызстандын элинин саламаттыгы үчүн күрөшүп келе жаткан биздин сүйүктүү академиябызга 80 жыл толуп, өзүнүн басып өткөн жолунун жыйынтыгын чыгарып жаткан учур.

Биздин, Иса Коноевич Ахунбаева атындагы, Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясына 80 жылдык мааракесин белгилеп жатат: Кыргызстандагы жападан жалгыз жогорку медициналык окуу жайы. 80 жылдын ичинде не деген дүйнөгө атактуу окумуштуулар иштеген жок, миңдеген таланттуу дарыгерлерди, окумуштууларды тарбиялап өстүрүп чыгарды. Алардын ысымы эч качан унутулбайт. Айрыкча, академик Мирсаид Миррахимов, жетекчиси профессор Вольский Мирон Ефимович, академик Данияров Санжарбек Бакирович, жетекчиси Конради Георгий Павлович, академик Арстанбек Мырзалиевдин, академик Дүйшө Кудаяровдун жетекчиси, профессор Борис Фабиянович Шаган, Добулбек Алымкуловдун жетекчиси Абрам Юлаевич Тилис жана башка дагы профессорлор: Френкель Георгий Павлович физиология боюнча, Канторович Николай Витальевич психиатрия боюнча, Лехтман Михаил Наумович–гинекология, Малышев Борис Федорвич патанатомия боюнча, мындан башка да көптөгөн Эльберт Борис Яковлевич микробиология боюнча, Лямцев Виктор Трофимович патоморфология боюнча, Лехтман Михаил Наумович акушерство гинекология боюнча, Кононов Виктор Сергеевич балдардын хирургиясы боюнча, Малышев Борис Федорович патологиялык анатомия боюнча, Саенко Алексей Ильич рак оорусу боюнча, Рухман Лев Ефимович травматология боюнча, Круглов Анатолий Николаевич, Фридман Максим Ефимович хирургия боюнча, мындан башкада көптөгөн окумуштуулардын кыргыз балдарын илимге даярдоодо эмгектери өтө зор. Алар даярдап, тарбиялаган профессорлор, академиктер бүгүн Республикада эмес, дүйнөгө белгилүү окумуштуулар: Кыргыз Эл баатырлары академик Мамакеев Мамбет Мамакеевич, академик Мамытов Миталип Мамытович, академиктер: Кудаяров Дүйшө Кудаярович, Мурзалиев Арстанбек Мурзалиевич ж.б.

Союз убагында, биздин медициналык институт, баардык жагынан Борбордук Азиядагы эле эмес СССРдеги алдынкы окуу жайлардын бири болгон.

Сүйүктүү Академиябыз уюштурулгандан баштап, дайыма өсүү жолунда болгон. Аны өзүм эмгектенген кафедранын ишмердигинде баян этейин.

1941–жылы факультеттик терапия кафедрасынын алдында (кафедранын жетекчиси проф. Вольский М.Е), доценттик курс ачылып, аны республикага эмгеги сиңген врач Л.А. Франк жетектеген.

1959–жылы доценттик курстун ордуна фтизиатрия кафедрасы уюштурулуп, 1960-жылга чейин медицина илимдеринин кандидаты, ассистент Петр Михайлович Фукс жетектеген. 1960-жылдын январь айынан 1963 – жылдын август айына чейин, белгилүү илимпоз кургак учукка каршы уюштургуч, Москвадагы кургак учукка каршы институтунун ага илимпозу, профессор Соломон Ефимович Незлин кафедраны жетектеген.

Ошентип, доценттик курс уюштурулган күндөн баштап, республикада кургак учукка каршы күрөшүүдө доценттик курстун, кафедранын орду чоң рол ойной баштады.

Кайра 1964-жылдан 1974-жылга чейин кафедрага Кыргыз Республикасына эмгеги сиңген дарыгер, доцент Петр Михайлович Фукс жетекчилик кылды.

Курс, кафедра уюштурулгандан баштап, бардык факультеттерге окуу программалары бекитилип, студенттерге кургак учуктан сабак бериле баштаган. Кафедранын ишмердигинде илим-изилдөө иштери приоритетүү болгон.

1960 - 1970 жылдары кафедрада Кыргызстандагы студенттердин арасында кургак учуктун эпидемиясынын алдын алуу, республиканын түндүк түштүк тоо-кендеринде иштеген жарандардагы силикоздун, силикотуберкулездун, кониотуберкулездун өзгөчүлүктөрү деген багытта илимий – изилдөөлөр жүргүзүлгөн (П.М. Фукс., Г.А. Гудзовский).

Андан кийин кафедранын коллективи фиброздуу-каверналуу кургак учугунда эмгекке жарамдуулугу (ассистент М.А. Исхакова), балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учугунда, дем алуу органдарынын бийик тоолуу шарттагы өзгөчүлүктөрү (доц. М. Д. Субанбеков), өпкө кургак учугунда коллапсотерапияны колдонуу (асс. В.Я. Зубарева., доц. А.С. Третьяков), кургак учукта комплекстүү дарылоо (доц. А.А. Асанбаев., Е.М. Френкель) темаларында ийгиликтүү иштерди жасаган.

1974-жылдан 1986-жылга чейин кафедраны доцент А.А. Асанбаев жетектеп, бул мезгилде, өзгөчө көңүл окуу, окутуу методикасына жана студенттерди тарбиялоо иштерине көп көңүл бурула баштаган. Ошондой эле, кафедрада алгачкы кесипке үйрөтүү, республикадлык врачтар үчүн тематикалык циклдер, фтизиатриядан терапевтер үчүн, инфекционис дарыгерлер, рентгенолог дарыгерлер, саламматтыкты сактоо органдарына жана педиатрлар илим-изилдөө туберкулез институтунун илимий кызматкерлеринин катышуусу менен (проф. Е.А. Финкель, М.И. Китаев, м.и.д. Г.В. Хитрина, илимий кызраткерлер: Б.Л. Кибрик, В.Л. Морозов, П.И. Лиморев, Д.И. Покотило, Л.А. Горелкин ж.б. ошол мезгилдеги институттун директорлору: доц. У.Б. Абаков, м.и.к. В.А. Петросянс) өткөрүлүп турду.

Кафедрада практикалык жумуштар боюнча студенттерге түшүнүктүү болуш үчүн атайын блок схемасы иштелип чыккан. Студенттердин билимин текшериш үчүн программалык окуу, контролдук курстар, факультеттер үчүн спецификасына жараша кеңири колдонулган. Кафедранын коллективи көп улуттуу, 14 кызматкер үзүрлүү эмгектенип келүүдө: м.и.к. М.А. Исхакова, м.и.к. Р.М. Френкель, м.и.к. Ы.Д. Джолдубаев, В.Р. Боуэр, доценттер: А.С. Третьяков, М.Д. Субанбеков, А.А. Асанбаев, Т.Ч. Чубаков, Т.К. Кашенов, Л.К. Наматбекова, м.и.к. Р.Ш. Галиева, м.и.к. А.Б. Азыкова, м.и.к. К.А. Дуйшимбекова, Т.Т. Кадыркулов, м.и.к. М.А. Мамбетов.

1970-1980 жылдары кафедранын негизги илимий тематикасы кургак учукка коркунучу бар жарандар, оорунун кайталанышы, кургак учуктун проблемасы жана аракечтик (Т.Ч. Чубаков, К.Р. Маматов), балдардын, өспүрүмдөрдүн кургак учугунун өзгөчүлүктөрү (доцент М.Д Субанбеков, ассистент Р.Ш Галиева, Л.К. Наматбекова), жана өпкө кургак учугунун иммундук химиотерапиясы (А.А. Асанбаев, Р.М. Френкель) ж.б. болгон.

Доцент Субанбеков М.Д. республикада биринчилерден болуп, комплекстүү илимий практикалык программасын изилдеп, программанын тематикасы «Дени соо жана кургак учук менен ооруган балдардын дем алуу жана газ алмашуу системасын» Кыргыз республикасынын ар түрдүү климаттык-географикалык шарттарда текшерип, төмөнкүдөй тыянак чыгарган: илимий изилдөөнүн негизинде доцент

Субанбеков М.Д. жаңы илимий формула (1967-жыл), таблица (1971-жыл), номограмма (1974-жыл), дем алуунун функциясынын көрсөткүчүн жана гемодинамикасын эсептеп чыгарып, өзүнө ылайыктуу өлчөмдөгү дем алуу жана газ алмашуусун төмөндөтүлгөн барометрдик басымда аныктоого мүмкүнчүлүгүн тапкан. Автордун сунуш кылган формуласын, таблицасын, номограммасын Н.И. Ярошенко кандидаттык диссертациясына, Т. Тулекеев кандидаттык жана докторлук диссертацияларына ийгиликтүү колдонушкан.

1986-1988-жылдары кафедраны профессор И.П. Зиновьев, андан кийин 1989-1990-жылдары профессор Т.Ч. Чубаков башкарышты. Бул мезгилде бардык окуу-методикалык, дарылоо жана консультациялоо иштери бир кыйла жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. 1990-жылдан баштап кафедра «Фтизиатрия» деп атала башталды.

1994-2004-жылдары кафедраны м.и.д., профессору А.Ш. Алишеров бир эле мезгилде кафедранын башчысы, Кыргыз илим изилдөө институтунун директору, андан кийин Кыргыз республикасынын саламаттыкты сактоо министрилигинин алдындагы Улуттук фтизиатрия борборунун генералдык директору болгон.

1990-жылдардын аягында 2000 жылдардын башында республикада кургак учуктун эпидемиялогиялык көрсөткүчтөрү начарлай баштаган. Бул окуя кургак учука каршы күрөшүү ыкмаларын өзгөртүп, Кыргыз Республикасында кургак учукка чалдыгуунун жана өлүмгө учуроонун санын кыскартуу максатында, калкты кургак учуктан сактоо максатында, Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө, өкмөт тарабынан улуттук кургак учук программалары кабыл алынды. Кургак учукка каршы программалар: «Туберкулез – I» 1996 - 2000 жылдарга [1]; «Туберкулез - II» 2001 - 2005 жылдарга [2]; Туберкулез - III» 2006 – 2010 жылдарга [3]; «Туберкулез – IV» 2011 - 2016 жылдарга [4]; «Туберкулез – V» 2012 - 2017 [5] жылдарга кабыл алынды.

Улуттук программалар кабыл алынгандан баштап республикада эпидемиялык көрсөткүчтөрдүн салыштырмалуу төмөндөшү байкалды. Кургак учукка чалдыгуунун көрсөткүчү калктын 100 миң адамына эсептегенде 167,8 учурдан (2001 - жыл) 93,4 учурга чейин кыскарган (2016 - жылы), кургак учуктан өлүмгө учуроо калктын 100 миң адамына эсептегенде 27,0 учурдан (2001 - жыл) 5,6 учурга чейин (2016 - жыл) азайган. Балдар арасында оруугa чалдыгуунун саны дээрлик 4 эсеге кыскарган: калктын 100 миң адамына эсептегенде 82,2 учурга (2002 - жыл), 20,8 учурга чейин (2016 - жыл). Республикада кургак учуктун сезимталдуу формасы менен ооругандарды дарылоонун натыйжалуугу – 56,1%, бул дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун көрсөткүчтөрүнөн төмөн болуп эсептелинет. Бул көрсөткүчтөргө жетишүүдө, кафедранын кызматкерлеринин салымы чоң.

Ошого байланыштуу, БУУнун сунушу боюнча ДОТС, ДОТС «+» программа Кыргызстанда кабыл алынып, дартты аныктоо жана дарылануусу жакшырды. Мындай принциптүү кургак учукту табууда тастыктоодо, көзөмөлдөөдө, дарылоодо жана кургак учукту алдын алууда, ошондой эле, Кыргыз-Фин өпкө соолуктуруу программасын киргизүүдөгү план программаларды колдонуу келечекте дарыгерледи даярдоодо көмөк болду.

2004-2013-жылдары кафедраны доцент, Республикага эмгеги сиңген дарыгер А.А. Асанбаевдин жетекчилиги

менен ишмердүүлүгүн улантты. Кафедрада окуу процесин өзгөртүү, жакшыртуу үчүн модернизациялоого өткөн. Студенттерди кабыл алуунун өзгөргөндүгүнө байланыштуу, контракт жана бюджеттик формада окутууга байланыштуу, чет өлкөлүк студенттерди окутуу боюнча кафедранын профессорлук-окутуучулар курамы да өзгөрдү. Жаңы окуу план-программасын түзүүдө жаш билимдүү, инициативдүү ассистенттердин ролу жогорулады. Аларга ассистенттер: К.Р. Маматов, С.В. Федорова, Г.К. Турдумамбетова кирет. Өпкөнүн кургак учугунда микобактериялар учукка каршы дарыларга туруктуу боло баштагандагы проблемага каршы комплекстүү илимий изилдөөнү медицина илимдеринин кандидаты, доцент К.Р. Маматов баштаган. 2008-жылдан баштап учукка, СПИДге (АИЖС), безгекке каршы күрөшүүдө глобалдуу фонду менеджери болгон (туберкулез компонент).

2013-2015-жылдары кафедранын башчылык милдетин аткарып Улуттук фтизиатрия борборунун (УФБ) директору м.и.д. фтизиоуролог Кадыров А.С. келди. Өзү уролог болгонуна байланыштуу кургак учуктун өпкөдөн тышкары органдардын кургак учугуна көңүл бура баштады.

2015-жылдын сентябрь айынан кафедраны м.и.к., доцент, уюштургуч фтизиотерапевт, 22 жылдык педагогикалык стажы бар тажрыйбалуу клиницист Турдумамбетова Г.К. кафедраны конкурстун негизинде жетектей баштады.

Акыркы жылдары кафедранын негизги илимий багыты «Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайлардын студенттеринин кургак учук менен ооруушу, жугузуп алуу коркунучу» боюнча ассистент С.В. Федорова кандидаттыгын жактап, бүгүнкү күнү Кыргызстандагы Эл аралык универститетинде (МУК) кафедраны жетектейт. «Туберкулез менен кант диабети айкалышканда дарылануунун өзгөчүлүгү» маселесин Г. К. Турдумамбетова бүгүнкү күнү кафедранын башчысы, м.и.к., доценти изилдеген.

«Фтизиатрия» кафедрасы уюшулгандан баштап, кафедрада төрт докторлук, он төрт кандидаттык диссертация жакталган. Азыр кафедранын үч ассистенти илимий изилдөөлөрүн аяктап, диссертацияларын жактоо алдында турушат. Алар: Байтелиева А.К, диссертациянын темасы: «Кыргыз республикасында латенттик кургак учукту аныктоо жана алдын алуу», илимий жетекчиси м.и.д., проф. С.Б. Данияров атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу Институтунун (КММКДжКЖИ) ректору Чубаков Т.Ч.; Ахметова Р.Х. диссертациянын темасы: «Современные аспекты диагностики, клиники и лечения туберкулеза легких, сочетанного с ВИЧ инфекцией». илимий жетекчиси м.и.д. УФБ директору Кадыров А.С; Гончарова О.С. диссертациянын темасы «Туберкулез среди мигрирующего населения в Кыргызской Республике», илимий жетекчиси м.и.д., Улуттук Фтизиатрия Борборунун (УФБ) директору Кадыров А.С.

Кафедрада 824 илимий эмгек, анын ичинде 12 монография, 2 жаңы ачылыш, 6 рационализатордук сунуш, 30 методикалык усул, 4 окуу китеби, 3 методикалык сунуш жарык көрдү. Акыркы үч жылдын ичинде 28 илимий басылма, анын ичинде Кыргызстанда - 20, чет өлкөдө - 8, окуу китеби - 3, методикалык сунуш – 14.

2006-жылдын октябрь айынан баштап, фтизиатрия кафедрасы Кыргыз-Фин програмасынын сунушу боюнча,

«Фтизиопульмонология» кафедрасы деп аталган. Кургак учук менен жалаң өпкө гана жабыркабастан, баардык органдар жана системалар ооруга чалдыгат (тери, бездер, көз, кулак, мурун, жыныс орандар, нерв системасы, мээ ж.б.), ошол себептен, кафедранын мурдагы аты «Фтизиатрия» кафедрасы деген аталышы туура болду деп эсептейм. Азыркы күнү кафедрада эмгектенип жатышкан кызматкерлер:

1. Турдумамбетова Гульнура Кенешбековна м.и.к., жогорку даражадагы фтизиатр-дарыгер, доцент, кафедранын жетекчиси.
2. Субанбеков Мырзабек, м.и.к., жогорку даражадагы фтизиопедиатр-дарыгер, доцент, Кыргыз Республикасына эмгек сиңген врач, Кыргыз Республикасынын алдында эмгеги сиңиргени үчүн персоналдык пенсионер.
3. Ахметова Рамиля Хумаровна, кафедранын окуу бөлүмүнүн башчысы, ассистент.
4. Байтелиева Алтынай Карыпбаевна, ассистент, жогорку даражадагы врач фтизиатр-дарыгер.
5. Гончарова Ольга Сергеевна, ассистент.
6. Өмүралиева Гүлжан Өмүралиевна, ассистент.
7. Субанкулова Динара Автандиловна, кафедранын улук лаборанты, юридикалык жогорку билимдүү.

Бүгүнкү күндө жетекчибиз, Иса Коноевич Ахунбаев атындагы Кыргызстан мамлекеттик медициналык академиянын баркын жогору, жеткире турган, иштин баардык жагын туура билген, дасыккан педагог-клиницист, уюштууручулук, интелектуалдык жөндөмү бийик, элибизге белгилүү окумуштуу, профессор Кудайбергенова Индира Орозобаевна ректор болуп иштеп жатат. Жетекчибизге ийгиликтерди каалап кетким келет.

***Адабият:***


1. *Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Токтом, 1995 жылдын 15 декабры №531 1996 -2000 «Кургак учук» программасы*
2. *Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Токтом, 2002 жылдын 6 июнь айы, 2001-2005 жылдары «Кургак учук – II» программасы*
3. *Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Токтом, 2006 жылдын 6 май айы, №331 2006-2010 жылдары «Кургак учук – III» программасы*
4. *Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Токтом, 2013 жылдын 10 июнь айы, №323 2013-2016 жылдары «Кургак учук – IV» программасы*
5. *Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Буйрук №448 2 октябрь айы 2017 жыл*